**УДК 433**

# КЫРГЫЗ УЛУТТУК ПЕДАГОГИКАСЫНДАГЫ ЧЫЙЫР ЖОЛ
# ДОРОГОЙ СЛЕД КЫРГЫЗСКОЙ НАЦИОНАЛЬНОЙ ПЕДАГОГИКЕ
# KYRGYZ NATIONAL PEDAGOGICAL TRAIL

***Биймурсаева Б.М-п.и.к., профессордун м.а.***
***С.Нааматов атындагы***
***Нарын мамлекеттик университети*,**

***Аннотация:*** *Кыргыз улуттук педагогикасынын негиз салуучуларынын бири И.Бекбоевдин эмгектери окутуу-тарбиялоого жана илимий изилдөөлөр окутуунун технологиясына багытталган*

***Аннотация:*** *Один из основателей кыргызской национальной педагогики И.Бекбоева посвещены обучению и воспитания, а научно-исследовательская работа направленны на технологии обучения*

***Annotation:*** *One of the founders of the Kyrgyz national pedagogy, I. Bekboev, is dedicated to training and education, and research work is focused on learning technologies.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Кыргыз улуттук, илимий-педагогикалык, тарыхый фактылар, инсанга багыттап, педагогикалык процесс*

***Ключевые слова:*** *Кыргызско-национальный, научно-педагогический, исторические факты, личностно-ориентированный, педагогический процесс*

***Keywords:*** *Kyrgyz-national, scientific and pedagogical, historical facts, personality-oriented, pedagogical process*

Кыргыз улуттук илимий-педагогикасынын жаралыш, өнүгүш, калыптаныш тарыхын И.Бекбоевдин илимпоздук өсүү этаптарынан ажыратып кароого болбойт. Кыргыз илимий педагогикасы Исак Бекбоевдин илимий-ишмердүүлүгү менен жашташ, аны менен ажырагыс биримдикте калыптанды. Тарыхый фактылар таасындап тургандай, 50-жылдардын соңуна чейин Кыргызстанда жаралган илимий эмгектердин көпчүлүгү негизинен мектептердин тарыхын изилдөөгө багытталып, окутуу-тарбиялоонун заманбап проблемаларын чечүүгө байланышкан илимий изилдөөлөрдү жаратуу иши негедир кечеңдеп жаткан эле. Аны кимдир бирөө башташ керек эле. Ушундай татаал жана сыймыктуу иштин башында Исак Бекбоев турган. Коомдук илимдерде өлкөнүн өнүгүш калыптанышына олуттуу таасири, салымы бар жаратман адамдарды «тарыхтын кураторлору» деп аташат. Исак Бекбоевдин илимий жаратмандык, уюштуруучулук ишмердигин тарыхый контекстте астейдил назар салуу менен аны сөздүн толук маанисинде «улуттук педагогика илиминин өнүгүш-калыптанышынын эң башкы куратору» деп айтууга болот. Анткени Исак Бекбоев кыргыз педагогика илиминин тарыхындагы этаптуу урунттуу учурларында көч башында болуп, билими, акылмандыгы, кеменгерлиги, кыраакылыгы менен анын келечегине чексиз салым кошуп келе жаткан адам. Ал кыргызча педагогикалык текст жаратуунун баштоочусу. Өзүнүн оргиналдуу окуу китептери менен өз өлкөсүнүн педагогикалык брендин башка өлкөлөргө таркаткан Борбордук Азияда аналогу жок окумуштуу –педагог[1]

Эгемендүүлүк жылдарында жашынын өйдөлөп калгандыгына карабастан жоопкерчиликтүү жүрүм-турумга жана мээнетке көнүп калган турмуштун жаңы тенденцияларына чапчаң ориентация жасай билген И.Бекбоев эки эселенген күч менен эмгектенди. Алдыда билим берүүнү демократиялаштыруу, гумандаштыруу, билим берүүнүн жаңы концепциясын түзүү, анын негизинде жаңы мамлекеттик билим стандарттарын иштеп чыгуу, окуу программаларынын мазмунун жаңылоо, жаңы муундагы окуу китептерин жаратуу, окутуунун технологиясын өзгөртүү сыяктуу жайнаган, кычаган, кечиктирилгис чукул милдеттер айкүрүнөн турду. Билим берүү институнун директору катары Исак Бекбоев дал ушул актуалдуу педагогикалык инновациялык милдеттерди чечүүнүн башында чечкиндүү туруп берди. Ушул жылдары

И.Бекбоевдин түздөн-түз башчылыгы жана катышуусу менен математиканы мектепте окутуунун жаңы концепциясы, стандарты, окуу программасы түзүлүп, аталган предметти окутуунун жаңыча технологиясы иштелип, муну менен катар кужүрмөн алымдын колунан «Инсанга багыттануу», «Инсанга багытталган окутуунун теориясы жана практикасы», «Педагогикалык процесс: эски көнүмүштөр жана жаңы көз караштар» аттуу фундаменталдуу мүнөздөгү монографиялар, илимий эмгектер, жаңы муундагы окуу китептерин түзүү боюнча бир катар теориялык орчундуу макалалар жаралып, жарыкка келди.
Кыргыз Республикасынын Эл мугалими Асан Заркунов төмөндөгүдөй деп жазат:

«Ал Кыргыз мамлекеттик университетинде мектеп жетекчилеринин квалификациясын көтөрүү, кайра даярдоо боюнча факультетти башкарып турганында эки курдай ал кишинин ошол факультетинен курстан өткөмүн. Мен ошондо И.Бекбоевдей инсандан окуу билим, тарбия боюнча омоктуу, даана айтылган ойлор менен кыябын келтире сүйлөй алган, кымындай да ашык, керексиз сөз катыштырбай айтаарын кыска, нуска бере алган сүйлөмпаз нагыз чеченди көргөм, берилип уккам.»[1]

И.Бекбоевди педагогикадагы «Куш таптаган мүнүшкөр», «ат таптаган саяпкер» десек жаңылышпайбыз. Илгери орустун улуу жазуучусу Максим Горькийдин: «биз орус жазуучулары Гогольдун «Шинелинин» кең жеңинен учуп чыкканбыз» (Гогольдун атактуу реалисттик «Шинель» повестинин адабий таалимин айтып жатат), деп айтканы бар. Мунун сыңарындай. Образдуу айтсак, Исак агайдын педагогикалык «шинелинин» ичинен далайлаган шакирт-илимпоздор учуп чыгышты. Анын илимий жетекчилиги алдында 30га жакын илимдин кандидаттары менен докторлору диссертацияларын жактап, азыр республиканын ар кайсы окуу жайларында жана илимий мекемелеринде жемиштүү эмгектенишүүдө. Кийинки 40-50 жыл ичинде Кыргызстанда 300 дөн ашык педагогика илим кандидаттары жана докторлору даярдалса, ошолордун дээрлик көбү И.Бекбоев өзүнүн илимий мектебин жарата алган окумуштуу-лидер.

«Эгерде бүгүн Республикабызда педагогика багытында илимий кадрларды даярдоо боюнча көз карандысыздык толугу менен камсыз кылынса, орто мектептерде окутулган бардык сабактар боюнча оригиналдуу окуу программаларды, окуу китептерди даярдоого дараметтүү окумуштуу-методисттердин жоон тобу өсүп чыкса, окутуу-тарбиялоонун түрдүү проблемалары боюнча фундаменталдуу илимий эмгектерди жаратууга методологиялык, теориялык камылгасы жеткилең педагог теориктер арбын болсо ошолордун баарынын башатында Исак Бекбоевдин кужүрмөн баатырлык эмгеги, көрөгөч көсөмдүгү турат» («Заман Кыргызстан», 15.01.2010-ж), -деп А.Алимбеков туура жазат. Кыргыз педагогикасын бүгүнкү күнүн И.Бекбоевдин шакирттери жана окуучулары: педагогика илимдеринин докторлору- Э.Мамбетакунов, К.Добаев, А.Бабаев, Ж.Байсалов, К.Төрөгелдиева, С.Калдыбаев, С.Рысбаев, А.Алимбеков, М.Субанова педагогика илимдеринин кандидаттары- Н.Ибраева, А.Абдиев, Б.Биймурсаева, А.Муратов, С.Иптаров, А.Касымов, Б.Келдибаев, З.Мамбетова, М.Иманкулов, Б.Кособаева, К.Сейдекулова, В.Мусаева, Б.Абдухамидова, К.Жунушалиева, Д.Акматов, Ж.Дүйшөналиев, Б.Мурзуибраимова, Г.Жумабаева, Б.Жакышева ж.б. элге таанылып, активдүү иштеп жатышкан илимпоздорсуз элестетүү кыйын. Ал эми мектеп мугалими Жыргал Ысманова бир кезде окуткан мугалими тууралуу мындайча эскерет: «Агай биз үчүн Ала-Тоодой бийиктиктин, көлдөй терендиктин жана да тазалыктын символу сыктуу сезилчү» Исак агай, көрүнүп тургандай, башынан эле өзүнүн нравалуулугу менен айырмаланган.

Бүгүн да ошол касиетинен жазган жок. Сөз кургак болбош үчүн дагы бир окумуштуу –шакирттин оюн угуп көрөлү. Белгилүү педагог жазуучу, окумуштуу, азыркы учурда агайы менен «үзөнгүлөш» иштеп жаткан профессор Сулайман Рысбаев мындай дейт: «Ар дайым дили, жүрөгү таза адам гана өзү иштеген тармакта таза ийгиликтерге жетишет, адамдар менен да таза мамиледе болот жана адамдар арасында таза инсандык үлгүсүн жаратат. И.Бекбоевич дал ошондой адам. Ал ар кандай талылуу маселе болобу, айткан сөзү таза, таасирдүү, ичинде эч кимге кири жок, улуу –кичүүгө бирдей, эч кимдин

улутуна да карабасьан камкор, жардам-кеңешин аябаган жаркын инсан.» («Кут билим» 22-январь, 2010-ж)[1]

Исак Бекбоев кыргыз педагогикасында өзүнүн индивидуалдуу жүзү бар, дүйнөлүк педагогиканын илимий сабактарын мыктылап өздөштүргөн, дидактиканын теориялык негиздерине таянып, окуу-тарбия ишинин өзөктүү маселелри жөнүндө өз алдынча чгармачылык менен олуттуу, терең ой жүгүрткөн окумуштуу. Ал педагогикада эң оболу теория менен куралданууга маани берген илимпоз. Мына ошон үчүн Исак Бекбоев: «Эгер теория жок болсо, анда илим жөнүндө, илимий багыттар жөнүндө, алардын жыйынтыктары, эксперименттер ж.б. жөнүндө кантип сөз кылууга болот?» -деп бекеринен жазып жаткан жок. Чындыгында Исак Бекбоев бир кезде И.Арабаев түптөгөн улуттук педагогиканы өзүнүн жарым кылымга созулган талбаган мээнети менен жаны бийиктикке-илимий –теориялык деңгээлге көтөрүп чыккан киши. Анын тарыхый ролу ушунда деп ойлойбуз. Кыргыз педагогикасында И.Арабаев менен И.Бекбоев чоң бакандын эки учу сыяктуу.

Педагогикалык илимий чөйрөдө белгилүү бир окуу предметинин методикасынын алкагынан чыкпаган, бирок өзүнүн ушул кууш тилкесинде мээнеттенип, мектеп үчүн пайдалуу иш жасаган адистер арбын.

И.Бекбоев-математик. Бирок ал математиканы окутуунун маселеси менен гана чектелген адис эмес. Көп чүкөнүн ичинен сакадай болуп айырмаланган бул инсан педагогика тармагында универсалдуу окумуштуу[1]. «Педагогиканы культуралогиядан, философиядан, психологиядан тышкары контексте кароого болбойт», - деп жазат аалым. Мына ошондуктан И.Бекбоев педагогикалык илимий ишке өзүн өмүр бою таптап, гуманитардык илим билимдин түркүн салааларынын негиздерин үйрөнүп, кеңири интеллектуалдык даярдыктан өткөн. Натыйжада, ал математиканы окутуунун теориясы жана методикасы боюнча чыгаан аалым гана эмес, педагогиканын жалпы маселелери, анын тарыхы менен теориясы, билим берүүнүн фундаменталдуу проблемалары, окутуунун жана тарбиялоонун теориясы, мектеп дидактикасы боюнча да алдына оңой менен киши чыгарбаган билерман-эрудит, бараандуу илимий авторитет болуп саналат.

Улуу гуманист –педагог Ж.Руссонун педагогикалык даанышмандыгы: «Билим берүү деген балага тыштан таңууланган бир нерселер эмес, тескерисинче, билим берүү-бул баланын табият, жаратылыш берген жөндөмдүүлүктөрү менен касиеттеринин табигый өсүшү жана өнүгүшү». Ал эми Дьюинин башкы ою да ушул эле нукта: «Билим берүүнүн негизги максаты – мектептеги ар бир баланын акылы менен денесинин, өзүнчөлүгүнүн толук жана эркин өнүгүшүнө ар тараптан, бардык амалдар менен сүрөөнчү болуу».

Кыргыздын залкар педагогу Исак Бекбоев да дүйнөлүк педагогиканын ушул гуманисттик көз караштык дөөлөтүнө таянып, ал дөөлөттөрдү кыргыз кыртышында өз алдынча чыгармачылык менен өнүктүргөндөрдүн жана байыткандардын бири. Буга анын айрыкча, «Педагогикалык процесс: эски көнүмүштөр жана жаңычыл көз караштар», «Инсанга багыттануу», «Инсанга багыттануу», «Инсанга багытталган окутуунун теориясы жана практикасы» аттуу китептери ачык күбө алат. Бул китептер өзүнүн бүткүл мазмуну жана духу менен мына мындай терең ойлорду жарыялайт [2]. Ар бир бала кайталангыс, уникалдуу жана жөндөмдүү. Башынан туура фундаментке коюлган окутуу жана тарбиялоо балага канат бүтүрүп, көкөлөтүп турат. «Сенин колуңдан келбейт», «Башын жок», «дөдөйсүн», «сенден эчтеке чыкпайт» деген сыяктуу педагогикалык осол пессимисттик, нигилисттик мамиле баланын жан дүйнөсүндөгү отун өчүрүп, өзүнө болгон ишеничин жок кылып, «Толубай сынчы» поэмасындагыдай тубаса жаралган тулпарды астыртан чүнчүтүп, «чобур атка» айландырып коюшу мүмкүн. Чыныгы педагогдун күчү-балага карата болгон оптимисттик ишеничинде, «Жерде жаткан жумуртка асмандап учкан куш болот» дейт Куйручуктун айткандарында.

Балада «менин колумдан келет» деген ишеничти пайда кылуу – педагогдун жеңиши. И.Бекбоев минтип жазат: «Баланын өз күчүнө болгон ишенимин бузбоо үчүн класста такай «ийгиликтик жагдайды» түзүп туруу керек. Ийгилик «мен жасай алам», «менин колумдан келет» деген сезимге байланыштуу. Мунун өзү биздин нерв системабыз үчүн таптаза жагымдуу кошумча азык болуп эсептелет. Мындай азыксыз эч ким: чоң да, бала

да иштебейт. Окуунун эң башкы кыймылдаткыч күчү катары- чыгармачылыктын сүйүнүчүн татуу, өзүндүн- өскөнүңдү, өркүндөгөнүңдү сезүү жана өз ишеничиңди пайдалануу». Педагогдогу жана баладагы ушундай өзүнө болгон ишенич- бул окуу-тарбия процессинин локомотиви.

И. Бекбоевдин педагогикалык антропологиясында бала деген диалектикалык өсүүдө турган жан. Ал бүгүн жаман болсо, эртең жакшы, азыр начар болсо, эртең күч кубаттуу болушу мүмкүн. Бала деген – өсүүгө болгон мүмкүнчүлүк. Ал келечеке карата ачык. Бала тышкы таасирлердин күчү менен гана эмес, өзүнүн күчү менен да өзүн жарате, өзүн-өзү түзөт, «Окуучу спонтандык ички себептердин натыйжасында да өнүгөт, билим берүү процессинде ар бир бала өзүнүн «Менин» ишке ашырууга тийиш. Окутуу- бул баланын ички потенциалынын ачылышы жана анын инсандыгынын өнүгүшү дегендикке жатат»

Кыргыз педагогу И.Бекбоевдин педагогикалык философиясы мына ушундай. «Адамдын анын өзүнүн чыныгы адамдык сапаттарына туура келгидей өнүктүрүү, анын өзүн –өзү өнүктүрүүсү, өзүнүн жеке турмушунун чыныгы субьектиси болуунун фундаменталдуу жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу- педагогиканын башкы маселеси»,- дейт И.Бекбоев. Ушул өңүттөн алганда, башкача айтканда, билим берүүнүн, тарбиялоонун адамды өнүктүрүүчү туура формасын таап, кызматка чегүү зарылчылыгынын көз каршынан караганда мурдагы акимчил-буйрукчул системасынын «баласыз педагогикасы» сөзсүз ойго түшпой койбойт. Ошо кездеги авторитардык окутуу практикасынын көнүмүштөрүнө өкүнүп, И.Бекбоев мындайча жазган эле: «Мектепте бардыгы даяр: суроолор да, аларга берилүүчү жооптор да күн мурунтан аныкталып коюлат да, эми балдар жөн гана көрүп жаткандарды көрүп, айтылгандарды угуп, эстеп калып, кайталап айтып берүү менен чектелишет. Мугалим эгерде баланын жообу мурдатан даярдалган туура жоопко дал келбей калса, анда эмнеси болсо да каалаган ыкма менен анын «туура» жооп берүүсүнө жетишүү керек деп үйрөнгөн. Башкача айтканда, окуучунун күтүлбөгөн кызыктуу ойлору боюнча аны менен көзмө –көз аңгемелешүүнүн ордуна мугалим окуучудан эптеп туура жоопту чыгарып алуунун гана машинасы болуп калууда»[1]

Жаш муундун ишенчээк абалынан пайдаланып, баланы баш ийдирип, сөзсүз угууга милдеттүү кылып, тыштагы эрежелерди, ынаным-ишенимдерди таңуулап үйрөтүп, өзүнүн түшүктөрү менен идеяларын бирден бир катасыз деп эсептеп, жеткинчекти ошол түшүнүк, идеяларды талдаастан механикалык түрдө кабыл алууга көнүктүрүп, чүрпөнүн эркиндигин басып, башкалардын эркин элпек аткарууга үйрөтүп, көрсөткөн из менен ээрчип басууга адаттандырып, жакшы адамдык сапаттарга мажбурлап, «дрессировкалап» тарбиялоо, жаш «кулунчактын» көз каршын зордоп, диктат менен калыптандыруу бул педагогикалык антигуманизм болуп эсептелет. «Адат адамдын экинчи жаратылышы» же «Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат» дегендей, кичинекейинен эркин ойлоосу тумчуктурулуп, тууроого, сырттан агып келген түшүнүктөрдү «чайнабастан» бүкүлү жута берүүгө көнгөн өспүрүм, кийин чоң киши болгондо да, бул көнүмүшүнөн оңойлук менен кутулалбайт жана ал бир нерселерге китептерде ошондой жазылгандыгы үчүн гана, авторитеттер ошентип айткандыгы үчүн гана ишенген, жандуу турмушка даяр жоболордун көз айнеги менен караган догматиктин кейпин кийип калышы мүмкүн.

«Өзүнө ишенбөөчүлүктөн бала эч ойлонбостон чоңдордун көрсөтмөлөрүн ээрчигенди каалап, демилгечиликти көрсөтүүдөн коркуп, билимди формалдуу өздөштүрүп калат. Чындыгында эле, көз карандылык дал ушундай жагдайдан келип чыгат да, өспүрүмдүн жаратылышындагы ички эркиндиги жоголо баштайт», - деп бул чындыкты көрүнүктүү педагог Исак Бекбоев ырастайт[1]

«Адамдардын келечегин алдын ала программалоо, идеалдуу коом жана адамдын бүткүл турмушун контролдоочу мамлекет жөнүндөгү идеялар тарыхый практикада ойдогудай натыйжаларды берген жок, ал гана турсун алар бүткүл муундар үчүн түпкүлүгү жаман кайрымсыздык болуп калды. Ошондуктан эркин жана кайталангыс уникалдуу инсанды эң эле таланттуу педагогго да баш ийдирүүгө болбой тургандыкты моюнга алууга туура келет», -деп жазат И.Бекбоев. Мындай жемишсиз педагогикалык практикага И.Бекбоев альтернатива издейт. Ал окуу-тарбиянын миссиясын төмөндөгүдөн көрөт:

«Авторитетке формалдуу таянган педагогика түбөлүгүндө сөзсүз урап түшөт. Ошондуктан окуучунун өзүнүн жаратылышындагы жөндөмдүүлүгүн ойготуп, аны ойлонуп эмгектенүүгө стимулдаштырып, ага түздөн түз системалуу жардам берүү аркылуу аны өзүнүн потенциалуу өнүгүү деңгээлине жеткирип, бул үчүн сабакта окуучулар өздөрүнүн каалоолору, өздөрүнүн эрки менен ичиндеги жашыруун потенциалын ачып көрсөтө алгыдай кырдаалдарды түзүп иштөөгө мугалимдин умтулуусу аба менен суудай зарыл. Мугалимдин даанышмандык акылмандуулугу дал мына ушунда». Бүгүнкү инсанга багытталган адамгөй педагогика дал ушундай гуманисттик философиядан тамыр алып өсүп чыккан. Азыркы Эгемендүү Кыргызстандагы окуу-тарбия процесси ушул педагогикалык философияны карманып, өз кадамдарын алдыга таштап жатат. Мындай гуманисттик окутуу тарбиялоо парадигмасынын өлкөбүздүн педагогдорунун аң сезимине кирип, байырлашында чыгаан педагог Исак Бекбоевдин салымы бар экендигин белгилөөнүн өзү жагымдуу[2]

**Адабияттар:**

1. А.Абдиев, С.Рыспаев, К.Жунушалиева Улуу устат,Кыргыз эл мугалими И.Б.Бекбоев.–Бишкек-2015.–397бет
2. И.Б.Бекбоев Инсанга багыттап окутуунун теориялык жана практикалык маселелери .–Бишкек,2015.